Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

2004-жылдын үчүнчү кварталы

3 (13)

2004-жылдын жетинин айы

Бишкек

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

Редакциялык Кеңеш:

Төрагасы: Ишенбаев М.
Кеңештин мүчөлөрү: Абдуманапов Э.
Цыплакова Л.
Илебаев Н.
Урустемов С.

Жооптуу катчысы: Бушман Ю.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101, дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: ybushman@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Акчакредит саясатынын максаттары жана натыйжалары жөнүндө жалпы коомчулукка маалымдап туруу "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасынын максаты болуп саналат. Басылмада инфляция, аны түзүүчүлөр, региондор боюнча инфляциянын динамикасына түшүндүрмөлөр жана бүтүндөй алганда, инфляция факторлорун анализдөө жана келерки кварталга инфляциялык болжолдоолор камтылат. Квартал сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2004-жылдын 31-тогуздун айы

Уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндөгү 2001-жылдын 2-ноябрындагы 628-номердеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Банк кабарчысы" журналынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265 (УИА биология институтунун имараты), 3-кабат, 354, 355-бөл.
350 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2004-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету
Жылдык отчет Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө толук отчету болуп саналат. Ал экономиканын реалдуу секторунун иштешиндеги өзгөрүүлөрдүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акчакредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдырат. Өзүнө: экономикалык өнүгүү жана акчакредит саясаты жөнүндө маалыматты, финансылык отчеттулукту, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени
"Улуттук банктын бюллетени" Кыргыз Республикасынын реалдуу сектор, финансы сектору, тышкы сектору боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн, ошондой эле баалар жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

Кыргыз Республикасынын төлөө балансы
"Кыргыз Республикасынын төлөө балансы" Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүү тенденцияларын чагылдырат жана төлөө балансынын аналитикалык жана нейтралдуу формасы, тышкы сооданын структурасы, эл аралык резервдер, тышкы карыз, эларалык инвестициялык позициясы боюнча маалыматтар менен таблицаларды камтыйт. Анда төлөө балансын түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы келтирилген. Басылма квартал сайын - үчтүн айы, бугу, теке жана тогуздун айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Банк системасынын өнүгүү тенденциялары
"Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" Кыргыз Республикасынын банк системасынын абалына финансылык ортомчу катары милдетин аткаруунун натыйжалуулугу көз карашында анализ берүүнү, банк системасынын турукташуусуна анын курамдык элементтери боюнча жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктардын бетин ачуу болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актылары
Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка маалыматтарды берип туруу, Улуттук банктын нормативдик актыларын расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасындагы банктык мыйзам актыларды пропагандалоо максатында чыгарылат. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи
"Улуттук банктын пресс-релизи" Улуттук банкка тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ 5

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1.1. АЗЫКТУЛУК ТОВАРЛАРЫ 7

2.1.2. АЗЫКТУЛУКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР 8

2.1.3 КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР 8

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ 8

3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ 10

3.1. АКЧА АГРЕГАТТАРЫ 10

3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ 10

3.1.2. М2 АГРЕГАТЫ 10

3.1.3. М2Х АГРЕГАТЫ 10

3.2. ПАЙЫЗДЫК СТАВКАЛАР 11

3.2.1. АКЧА РЫНОГУ 11

3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗЫНА ВЕКСЕЛДЕРИ 12

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ 12

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ 14

3.4.1. ТЫШКЫ СУРОО-ТАЛАП 14

3.4.2. ИЧКИ СУРОО-ТАЛАП 16

3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР 16

3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР 16

3.4.2.3. ИНВЕСТИЦИЯЛАР 16

3.4.3. ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ 17

4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР 18

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ . 18

4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 18

4.3. 2004-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ КВАРТАЛЫНДАГЫ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ 19

1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

Улуттук статистика комитетинин алдынала маалыттары боюнча 2004-жылдын 9 айынын ичинде ички дүң продуктунун өсүш арымы 7 пайызды түзгөн. Алтын кенин өндүрүп алуучу "Кумтөр" комбинатынын продукцияларын эсепке албаганда, ички дүң продукт 6,9 пайызга өскөн. Анын өсүшүнө кыйла салымды соода, айылчарбасы жана өнөржайы кошкон.

Тышкы соода жүгүртүү 2003-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, 43 пайызга өскөн. Импорт 42 пайызга, экспорт 45 пайызга көбөйгөн. КМШ өлкөлөрү менен болгон товар жүгүртүү 51,8 пайызга, ал эми алыскы четөлкөлөр менен 35,2 пайызга өскөн. ЕврАзЭШке мүчө өлкөлөр менен товар жүгүртүү 46,5 пайызга өскөн.

Үчүнчү кварталда сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсу 0,43 пайызга бекемделген (өткөн жылдын ушундай эле мезгилинде эсепке алуу курсу 3,2 пайызга бекемделген). Үчүнчү кварталда евронун эсепке алуу курсу 0,71 пайызга бекемделип, алмашуу бюролорунда аны сатуунун курсу 0,22 пайызга көбөйгөн.

2004-жылдын аяк оона айынын акырына карата сомдун номиналдуу эффективдүү курсунун индексинин мааниси жылдын башындагыга салыштырганда, 1,2 пайызга төмөндөгөн, бул эффективдүү курстун бекемделүүсүнө ылайык келет. Ошону менен бирге, анын орточо мааниси 2004-жылдын 9 айынын ичинде 2003-жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлге салыштырмалуу 7,9 пайызга көбөйгөн. Реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси 2004-жылдын башынан бери 3 пайызга өскөн. Карооого алынып жаткан индекстин орточо мааниси отчеттук мезгилде 7,8 пайызга өскөн.

Акча агрегаттарынын өсүш арымы 12 айдын ичинде 25-30 пайыз алкагында турган. Акча базасы үчүнчү кварталда Улуттук банктын эларалык резервдеринин көбөйүүсүнүн эсебинен өскөн. Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшү уланган, ал экинчи кварталга салыштырмалуу 13,3 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы депозиттер 7,3 пайызга, ал эми чөтөлкө валютасындагы депозиттер 14,8 пайызга көбөйгөн.

Банк тутумунун ликвиддүүлүгү 2004-жылдын экинчи кварталындагыга салыштырганда көбөйгөн, демек, коммерциялык банктар тарабынан рефинансылоого жана СВОП операцияларына карата суроо-талап кыскарган.

2004-жылдын үчүнчү кварталында акча рыногунда пайыздык ставкалардын орточо деңгээлинин айрым бир төмөндөөсү белгиленген, бул банк тутумунун ликвиддүүлүгүнүн жогорулоосунан улам болгон. Мында, улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык ставкалар 5,4-5,5 пайызга чейин (үчүнчү кварталдын башына карата 5,8-5,9 пайыз) кыскарган, РЕПО шарттарындагы келишимдер боюнча сомдук ресурстардын наркы 5,4 пайызга чейин (июлдун башында 5,8-7 пайыз) төмөндөгөн.

2004-жылдын үчүнчү кварталында Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча жарыланган 13 аукциондун 6 гана өткөрүлгөн катары таанылган. Ноталар боюнча кирешелүүлүк отчеттук мезгилдин акырына карата 5,05 пайыз деңгээлинде түзүлгөн.

Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгү 0,2 пайыздык пунктка көбөйүү менен 5,62 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгү 5,8 пайызга чейин же 0,69 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон векселдердин кирешелүүлүгү 12,69 пайыздан 10,08 пайызга чейин кыскарган. Бардык жүгүртүү мөөнөтүндөгү векселдер боюнча пайыздык ставкалардын орточо салмактанып алынган деңгээли 8,16 пайызга чейин же 1,5 пайыздык пунктка азайган.

2004-жылдын үчүнчү кварталында Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, керектөө бааларынын деңгээли 0,7 пайызга төмөндөгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде керектөө баалары 2,5 пайызга азайган. 2004-жылдын төртүнчү кварталында керектөө бааларынын 3,5 пайыз деңгээлине өсүшү күтүлүүдө.

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2004-жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын индексинин ушул мегизил үчүн мүнөздүү болгон төмөндөөсү байкалган. Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, керектөө бааларынын деңгээли 0,7 пайызга төмөндөгөн (2003-жылдын үчүнчү кварталында 2,5 пайызга). Дефляцияны шарттаган негизги фактор болуп, тамакаш продуктыларына карата баанын сезондук төмөндөөсү саналат.

2.1-график: Керектөө бааларынын индексинин жылдык динамикасы



2.2-график: КБИ структурасы

2.1.1. АЗЫКТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ

Азыктүлүк товарларына карата баанын төмөндөөсү 2,3 пайызды түзгөн. Керектөө куржуну структурасындагы азыктүлүк товарлары бир кыйла салыштырмалуу салмакты ээлейт жана адатта, жыл ичиндеги сезондуулук таасирлери астындагы олуттуу олку-солкулук менен мүнөздөлөт. Бирок, ушул жылы сезондук олку-солкулук 2003-жылдагы айылчарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн молдугу менен жөнгө салынган, ошону менен катар жашылча-жемиштер 2002-жылга караганда, 1,5 эсеге көп жыйналып алынган, бул ушул жылдын бүтүндөй биринчи жарым жылдыгында аларга карата баанын төмөнкү деңгээлин шарттаган. Демек, 2004-жылдын үчүнчү кварталында жашылча-жемиштер тобундагы товарларга карата баанын сезондук төмөндөөсү өткөн жылдардагыдай, андай деле олуттуу болгон эмес жана 28,8 пайызды түзгөн, өткөн жылдын ушуга окшош мезгилинде бул топтогу товарларга карата баалар 53 пайызга төмөндөгөн. Сезондук факторлордун натыйжасында майларга жана тоң майларга баалар 2,1 пайызга төмөндөгөн.

Азыктүлүк товарларына карата баанын жалпы төмөндөөсүнө карабастан, тамакаш азыктарынын айрым түрлөрүнө карата баалардын жогорулоосу уланган. Сүт азыктары, сыр жана жумуртка 3,7 пайызга, кант жана кондитер азыктары 2,6 пайызга, тамекилер 0,9 пайызга кымбаттаган. Этке карата баанын өсүшү улануда, бул 0,7 пайызды түзгөн.

2.3а графиги: Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



2.3б графиги: Азыктүлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



4. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕР

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

"Милдеттүү резервдик талаптар жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилди. (2004-жылдын 27-августундагы №22/4 токтому).

"Улуттук банктын эларалык резервдеринин 2004-жылдын 4-кварталына карата структурасы жөнүндө" Жобо бекитилди жана 2004-жылдын 1-октябрынан тартып колдонууга берилди (2004-жылдын 15-сентябрындагы №24/2 токтому).

Милдеттүү резервдик талаптарды эсептешүү үчүн 2004-жылдын 4- октябрынан 2005-жылдын 29-майына чейинки мезгилге АКШ долларынын аныкталган курсунун мааниси бир АКШ доллары үчүн 43 сом өлчөмүндө белгиленген ("Доллардын милдеттүү резервдик талаптарды эсептешүү үчүн колдонулуучу алмашуу курсу жөнүндө" 2004-жылдын 19-сентябрындагы №25/2 токтому)

4.2. АКЧАКРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Акчакредиттик жөнгө салуу боюнча Комитети акчакредит чөйрөсүндөгү оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер комитет тарабынан апта сайын кабыл алынат.

Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарын жайгаштыруунун көлөмү бир аукциондо 4 млн. сом деңгээлинде белгиленген. Отчеттук мезгилде Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарын сатуу боюнча 7 аукцион өткөрүлгөн катары таанылган, калган алты аукцион тоорукка катышуучулардын санынын жетишсиздиги себебинен өткөрүлбөгөн катары таанылды.

"Овернайт" кыска мөөнөттүү кредиттеринин көлөмү 3,7 млрд. сомду түзгөн.

Баалуу кагаздарды сатып алуу боюнча РЕПО операцияларынын көлөмү 71 млн. сомду түзгөн. Ликвиддүүлүктү кыскартуу максатында ачык рыноктогу операциялар Улуттук банк тарабынан үчүнчү кварталда өткөрүлгөн эмес.

Улуттук банк тарабынан таза сатып алуулардын көлөмү[1] 6,72 млн. АКШ долларын түзгөн.

[1] Улуттук банктын валюталарды сатып алуу/сатуу боюнча операциялары 9,77 млн. АКШ долларын түзгөн.

Улуттук банк менен коммерциялык банктардын ортосундагы СВОП операцияларынын көлөмү 1,63 млн. АКШ доллары деңгээлинде түзүлгөн.

4.3. 2004-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ КВАРТАЛЫНДАГЫ ИНФЛЯЦИЯГА БАА БЕРҮҮ

Ушул жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча инфляция 2003-жылдын деңгээлине жакын түзүлгөн. 2002-2004-жылдардагы инфляциялык процесстердин турукташуусу байкалууда, бул чогуу алгандагы суроо-талап менен чогуу алгандагы сунуштун балансташкандыгын күбөлөйт. 2003-жылы түптөлгөн багыттан четтөө буудай жана күйүүчү-майлоочу материалдар рыногундагы терс таасирлер менен шартталган. Экономиканы монетизациялоо тенденциясы сакталып калууда, бул ички рыноктун өнүгүүсүн чагылдырат. Ошол эле учурда тышкы товар жүгүртүү дагы кеңейүүдө

2004-жылдын төртүнчү кварталындагы инфляцияга баа берүү боюнча негизги божомолдор:

- күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын өсүү тенденциясы сакталып калат;
- азыктүлүк товарларына карата баанын сезондук өсүшү башталат;
- буудайга карата дүңүнөн алынган баанын жогорулашы жана унга карата чекене баа көтөрүлүшү мүмкүн;
- эларалык финансы рыногунда белгисиздик сакталат, мында сомдун номиналдуу эффективдүү курсунун бекемделиши күтүлүүдө;
- улуттук валютага болгон жогорку суроо-талап туруктуу кала берет.

2004-жылдын төртүнчү кварталында керектөө бааларынын индексинин 3,5 пайыз деңгээлине өсүшү күтүлүүдө.